**ИБРАИМОВА Ж.Т.**

*КМЮАнын улук окутуучусу*

# МАКАЛАГА КАРАТА КЫСКАЧА МҮНӨЗДӨМӨ

*Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары бардык жогорку окуу жайларында милдеттүү түрдө окутулуп келүүдө. Бирок бир топ эле көйгөйлөр бар. Кыргыз тилинде окуу китептери жетишсиз.Окуу программаларын учур талабына ылайык түзүү керек.Мамлекеттик кызматкерлер мамлекеттик тилде иш алып баруусу зарыл. Мамлекеттик деңгээлдеги жыйындар , жолугушуулар мамлекеттик тилде алып барылышы керек.Мына ушул сыяктуу көптөгөн маселелер туурасында жазылды.Бул сыяктуу бир топ маселелерди мамлекеттик тил күнүн белгилөө жыйынында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациялык жетекчиси Эмил Каптагаев өз сөзүндө баса белгилеп мындай дейт: «Мамлекеттик тилде иш жүргүзүлбөсө- бул мамлекет жетекчисинин жана кызмат адамдарынын күнөөсү, кыргызча сүйлөгөндү билишпесе үйрөнүшсүн, кыргыз тилинде иш жүргүзгөндү билишпесе окушсун, мен муну буюрам жана өтүнөм».*

*Макаланын темасы айтып тургандай эле мамлекеттик тилге канчалык дэңгээлде мамлекет тарабынан камкордук көрүлүшү керек ушул туурасында бир топ маселелер айтылды ошондой эле бул доклад КМЮАнын «Мамлекеттик тилди окутуунун айрым маселелери» деген темада өткөн тегерек үстөлдө окулуп, талкууланып жана сунуштар айтылды.*

*Kyrgyz language as a state language is learned at all institutes of higher education and universities compulsory, but there are much problems that have to be solved. Shortage of Kyrgyz language text-books and study programs must be worked out up-to-date. All civil servants must conduct the affairs in Kyrgyz*

*language. All state summits, high-level meetings must be held in Kyrgyz language. About such problems are written in this article.*

*On the Kyrgyz language celebration Day Chief Administration Officer Emil Kaptagaev in his speech said: "If the affairs aren't managed in State language, it is a fault of civil servants and head of state. If they can't speak Kyrgyz, they must learn it, if they can't manage the affairs in Kyrgyz language, they must learn it. I order and ask you to do it."*

*How the theme of article suggest, our state must attend to the development of state language. At the Kyrgyz state academy of law was held the round table to the theme "Some problems by the studying of State language". Some problems were discussed and maked proposals.*

Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили катары бардык жогорку окуу жайларында милдеттүү түрдө окутулуп келүүдө. Бирок бир топ эле көйгөйлөр бар. Кыргыз тилинде окуу китептери жетишсиз.Окуу программаларын учур талабына ылайык түзүү керек.Мамлекеттик кызматкерлер мамлекеттик тилде иш алып баруусу зарыл. Мамлекеттик деңгээлдеги жыйындар , жолугушуулар мамлекеттик тилде алып барылышы керек. Мына ушул сыяктуу көптөгөн маселелер туурасында жазылды.Бул сыяктуу бир топ маселелерди мамлекеттик тил күнүн белгилөө жыйынында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациялык жетекчиси Эмил Каптагаев өз сөзүндө баса белгилеп мындай дейт: «Мамлекеттик тилде иш жүргүзүлбөсө- бул мамлекет жетекчисинин жана кызмат адамдарынын күнөөсү, кыргызча сүйлөгөндү билишпесе үйрөнүшсүн, кыргыз тилинде иш жүргүзгөндү билишпесе окушсун, мен муну буюрам жана өтүнөм».

Макаланын темасы айтып тургандай эле мамлекеттик тилге канчалык дэңгээлде мамлекет тарабынан камкордук көрүлүшү керек ушул туурасында бир топ маселелер айтылды ошондой эле бул доклад КМЮАнын

«Мамлекеттик тилди окутуунун айрым маселелери» деген темада өткөн тегерек үстөлдө окулуп, талкууланып жана сунуштар айтылды.

**Мамлекеттик тилге мамлекет камкордук көрүш керек.**

Ооба, мамлекеттик тилге мамлекеттик камкордук сөзсүз керек. Бүгүнкү күндө бардыгыбыз эле тактап айтканда тилчи окумуштуулар, мамлекеттик тилге күйгөн жарандар кала берсе карапайым калк да эне тилинин мыйзамдуу түрдө толук кандуу кызмат кылышын каалап жана суранып жатышат. Кечээ жакында эле КРнын Конституциясын кабыл алып жатканда мамлекеттик тил менен официалдуу тил тууралуу бир топ кызуу талаш-тартыш болду. Бул талаш тартышка карапайым калк да кайдыгер карабай өз ойлорун байма-бай билдирип жатышты. Орус тилинин расмий тил статусун алмайынча мамлекеттик тил мамлекет тарабынан да, коом тарабынан да, тийиштүү деңгээлде өнүгө албай тургандыгы бардыгыбызга маалым.

Мындан 21-жыл мурда кайра куруунун шарапаты менен мамлекеттик тилдин укугун мыйзам менен бекиткенбиз. Башкача айтканда баш мыйзамдын 10- беренесинде кыргыз тили Кыргыз Республикасында мамлекеттик тил болуп бекитилген. Албетте, бул, кыргыз тилинин өнүгүшүнө шарт түзөт. Тилекке каршы мамлекеттик тил өз укугуна толук кандуу ээ боло албай жатат жана өзүнүн мамлекеттик кызматын толук аткара элек. Мамлекеттик тилди өлкөбүздүн ар бир жараны билүүгө тийиш. Ошондуктан мамлекеттик тилди мамлекеттик деңгээлде колдонуу жана өнүктүрүү үчүн эң оболу мамлекет башчыларынын камкордугу керек. Өлкө башчылары , жетекчилер эне тилин эркин билип, бардык чөйрөдо күнүмдүк коомдук саясий, экономикалык жана маданий турмушта милдеттүү жана негизги байланыш катары колдонулуп, эл алдында, жыйындарда, отурумдарда, курултайларда жана конференцияларда мамлекеттик тилде сүйлөп, мамлекеттик тилде иш алып барылышы керек. Мына ушунда гана иш илгерилеп, жаштар, эл, коом туура сабак алышат.Тилдин өнүгүшүнө жалпы интелегенция, мамлекет башчылары, депутаттар, министирликтер,

сот органдары, жогорку окуу жайларынын окутуучулары жана жетекчилери көңүл бурушу зарыл. Мамлекеттик тилде такыр эле иш жүргөн жок дегенден алысмын. Айрым жогорку окуу жайларында абдан жакшы иштер болуп жатат. Алсак Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинде бир топ жакшы иштер жүрүп жатыптыр. Иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүү боюнча токтом кабыл алышып, учурда иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүшөт экен. Ошондой эле айрым факултеттерде сабактар кыргыз тилинде отот. Ушундай эле жетишкендик ИИМдин ички аскеринде күч түзүмдөрүндө мамлекеттик тилде иш жүргүзүү бир топ кыйынчылыктарды туудурса да. Ички аскерде мамлекеттик тилди колдонуу башкаларга караганда жакшы колдонулуп, көңүл бурулуп келе жатат. Берилген командалары да кыргызча, иш кагаздары да кыргыз тилинде жүргүзүлөт. Мындай жетишкендиктин себеби жетекчинин көрөгөчтүгү жана ишке жоопту мамиле кылып башкалардан ошону талап кылгандыгында ошондой эле мыкты адистердин иш билгилигинде. Мамлекеттик тил саясатын жүргүзүүдө КМЮА да артта калган жок. Жетекчилик тарабынан көп көңүл бурулуп, бир топ жакшы иштер жүргүзүлүп келет. Жыл сайын мамлекеттик тил күнүнө карата чоң салтанаттар өтүп келет. Мамлекеттик тил борбору ачылып, борбор тарабынан мамлекеттик тил боюнча иштер жүргүзүлүп келет. Борбордун окутуучулары тарабынан Кыргыз тили юристтер үчүн аттуу окуу китеби КМЮАнын ректору тарабынан колдоого алынып окуу жайы китепти чыгарышты, учурда студенттер колдонуп бир топ жеңилдик болуп калды. Быйылкы жылы Мамлекеттик, расмий, дүйнөлүк тилдер жана лингивистикалык технологиялар борбору ачылылды.Борбордун жетекчиси Атабекова Нургул Каримовнанын жетекчилиги менен окутуучулар жана студенттер менен бирдикте 23-сентябр мамлекеттик тил күнүнө карата жумалык жарыяланды. Бул жумалыкта «Ата журт кыйын күнго кабылганда, айлансын ар бир уул чагылганга» деген темада дилбаяндын сынагы, көркөм окуу боюнча сынак, өнорүң болсо өргө чап, тил

күнүнө арналган дубал гезиттердин сынагы жана поэзия кечеси өтүп, жумалыктын жеңүүчүлөрү калыстар тарабынан бааланып, мамлекеттик тил күнүнө арналган чоң салтанатта жеңүчүлөрго окуу жайдын ректору К.К.Керезбеков оз колу менен громаталарды жана белектерди тапышырды. Мындан тышкары мезгил мезгили менен эне тилине болгон кызыгуусун арттыруу максатында жаш акындардын кечесин, манасчылар менен жолугушууларды, мамлекеттик тил боюнча олимпиядаларды, тренингдерди өткөрүп турабыз. Ушул сыяктуу иш чаралар оз жемишин бербей койбойт. Ошондой эле кыргыз тили боюнча программанын негизинде электрондук окуу китеби даярдалып, студенттер пайдаланууда. Жалгыз эле кыргыз тили эмес бардык предметтердин электрондук варияанттары даярдалган, бул студенттерге бир топ жеңилдик берет. Эне тилинде эркин сүйлөөгө, кесиптик багытта укуктук терминдерин туура өздөштүрүү максатында "чечендик чеберчилик" кружогу иштейт. Кыргыз тили боюнча куружоктор иштейт. Мунун бардыгы КМЮАнын жетекчиси тарабынан эне тилине болгон камкордук. Жакында эле мамлекеттик тил күнүндө кыргыз тилин өнүктүрүүгө кошкон салымдары үчүн окуу жайдын окутуучулары Козубекова Тамара жана Кумарбек уулу Мырзабек Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары менен сыйланышты.

Студенттерге биринчи жана экинчи курстарда мамлекеттик тил сабагы кирет. Бул убакыттын ичинде студент кесиптик багытта да деги эле эне тилинде эркин сүйлөөгө шарт түзүлүп мыкты өздөштүрүп калышат. Ал эми калган предметтер орус тилинде болгондуктан студент аргасыз кыргыз тилинен кыйла алыстап калат. Ошондуктан айрым туура келген сабактарды мамлекеттик тилде окутса абдан жакшы болоор эле. Мындай ойлорун студенттер да айтып жатышат.

Эгемендүү оз алдынча мамлекет болгон соң , мамлекеттик тил бир гана кыргыз тили болуш керек. Демек, мамлекеттик тил деп кабыл алындыбы,

мамлекеттик органдардын иш кагаздары ошол тилде жүргүзүлүүгө тийиш. Ушул күнгө чейии биринчи орус тилинде жазылат да, ар кандай, чала бучук болуп кыргыз тилине которулат. Которууда кеткен каталар тийешелүү документ болобу же өз маанисине жооп бербей калып жатат.

Эл аралык мамилелерде да сүйлөшүүлөр да мамлекеттик тилде жүргүзүлүүгө тийиш. Барыбир котормочу которот да, ошондуктан өз тилибизде мамиле кылсак, кыргыз элине болгон мамиле урматтоо сезими да болбой койбойт.

Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн негизги себеби эрк, каалоо, ыктыяр, эмгек жана жоопкерчилик керек. Эне тилибизге 23-сентябр күнү гана көңүл бурулат. Башка учурда унутта калат. Өз эне тилибиздин маани – маңызы, кадыр-баркы золобосу өз элибиздин колунда. Ооба, башка элдер тилибизди өнүктүрүп, баркын которүп бермек беле. Ар бир эл өз эне тилинин ал-абалына өзү камкөрдук көрүш керек.

Мамлекеттик тил күнүн белгилөө жыйынында КРнын Президентинин Администрация жетекчиси Эмил Каптагаев төмөнкүлөрдү белгиледи.

"Мамлекеттик тилде иш жүргүзбөсө - бул мамлекет жетекчисинин жана кызмат адамдарынын түздөн-түз күноөсү, эгер эки кыргыз бири – бири менен кыргызча сүйлөшпөсө анда ал кыргыздын озүнүн күнөсү. Мамлекеттик кызматкер билүүгө милдеттүү. Демек, күнөөнү башкадан издебей өзүбүздө экенин билип кемчилдикти жойгонго аракет кылсак.

Өз элине ниети түз, жүрөгү таза мамлекет жетекчилери улутту үч нерсе сактарын жакшы билиши керек. Алар: улуттук тил, улуттук тарых жана улуттук дүйнө тааным. Ким элге кызмат кылам, эл жүгүн аркалайм деп мамлекеттик кызматта отурса тил үчүн да кызмат кылсын деп айтар элем. Өкүмот мүчөлөрү, депутаттар, министирликтер, мекеме-уюмдагылар, күч органдарынын жетекчилери өздөрү кыргызча сүйлөп, мамлекеттик тилде иш алып барып, кызматкерлеринен да ушуну талап кылса. Кыргызча сүйлөгөндү билишпесе үйрөнүшсүн, иш жүргүзгөндү билишпесе-окушсун. Мен муну

өтүнөм жана буюрам. Ниетиңерди оңдоп, жүрөгүңөрдү берсеңер айтылган маселе өң жагына чечилерине бөркүмдөй ишенем"-дейт.

Мамлекетибизди адилетсиз башкаргандыктын натыйжасында өлкөбүз өтө опурталдуу, кыйынчылык кырдаалды башынан өткөрүүдө. Мындай шартта мамлекеттик тил маселелерин жана башка маселелерди чечүү жагдайлары дагы да болсо туңгуюкка келгендей сезилет…

Бирок мамлекетибиз кандай гана оор абалга туш болбосун, идеологиябыздын негизги өзөгүн түзгөн мамлекеттик тил маселелерин унутта калтырууга болбойт. Анткени мамлекеттик тил - улуттун рухун жалпы маданиятын түзүүчү материалдык - техникалык байлыктардан кем эмес чоң дөөлөт. Экономикалык өксүктөр бул убактылуу. Мени тынчсыздандырган маселе – улуттук маданиятты, рух-дөөлөттөрүбүздү байытып жан киргизип турган эне тилибиздин абалы. Мамлекеттик тилге ушундай кайдыгерлик, жогорку бийлик өкүлдөрү тарабынан кайталанып, иш жүзүндө колдоо мамилеси ыргылжың абалда болсо, улуттук рухий кризиске туш болушубуз мүмкүн.

Дүйнөлүк ааламдашууга умтулуп жаткан учурда тилдин да ролу чоң. Жаш муундарды тарбиялап, кыргыз тилин үйрөтүү ата-бабалардан келе жаткан рух нукка, маданиятка тарбиялоо экендигин унутпоо керек. Жаш муундарды өз элинин патриоту кылып тарбиялоо, эртеңки Кыргызстандын келечегин түзүүчү адамдыарды тарбиялоо болуп саналат. Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат дейт элибизде. Анын сыңарындай мамлекеттик тилибиздин маселелерин азыртан чечүүгө аракеттенишибиз керек. Тилиң болсө улутсуң дегендин калети жок. Биздин өлкө дүйнөгө кыргыз мамлекети деп таанылган, дүйнөлүк картада Кыргыз Республикасы деп жазылып турат. Бул зор сыймык. Биз бул сыймыктын кадырына жетип жатабызбы? Албетте жок. Кыргыз мамлекети болуп туруп, мамлекеттик тилде иш алып барбай жатабыз. Эне тили алгач үй бүлөдөн түптөлөт эмеспи. Андан соң мамлекет камкордук кылат. Ал эми мамлекет эне тилине эмес, орус тилине камкордук

көргөндөй сезилет. Расмий тил улуттук тилден мартабасы жогору болуп калганы бардыгыбызга малым. Иш кагаздарынын бардыгы орус тилинде жүргүзүлөт. Мектептерде кыргыз тилинин саатын көбөйтүү ашыктык кылбайт. Ал эми жогорку окуу жайларында бардык сабактар орус тилинде. Кыргыз тилине аз саат бөлүнгөн. Жогорку окуу жайларында студенттер мамлекеттик тилден мамлекеттик экзамен тапшыруу керек. Бул да мамлекеттик тилдин кадыр –баркын көтөрүү менен катар эне тилине болгон жоопкерчиликти пайда кылат. Студенттердин каалосу менен дипломдук иштерди мамлекеттик тилде жазууга да шарт түзүү керек. Бардыгы кыргыз тилин билбейт дегенден алысмын. Албетте, айыл жергесинде жашаган калкттын 80-пайызы эне тилинде сүйлөйт. Ооба, коп тил билүү чоң жетишкендик" тил билсең-дил билесиң" дегендей башка тилдерди эне тили менен эриш аркак алып жүргөн жаштарыбызга ыразычылык гана билдиришибиз керек.

Бардык эле окуу жайдын окутуучулары кыргыз тилинде жазылган окуу китептери жетишсиз, жокко эсе экендигин айтып келишет. Ооба, бул чындык. Кыргызча окуу китептерин чыгаруу окутуучулар үчүн да абдан кыйын. Себеби каражат жок. Кесиптик теримндерди которууда оорчулуктар көп кездешет. Которулган терминдердин бардыгы эле туура боло бербейт. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн мамлекет тарабынан колдоо көргөзүлбөйт. Ушул эле учурда Мамлекеттик тил боюнча улуттук коммиссиясынын төрагасы Азимжан Ибраимов он жети миң термин которулгандыгын, мунун ичинде бардык тармактагы терминдер бар экендигин белгилейт. Мындай көйгөйлор мамлекеттин да милдети экендигин айтат.

Мамлекеттик тилди үйрөтүү оңой олтоң иш эмес. Ошондуктан адис мугалим гана окутуу керек. Орто мектептерде предметтик мугалимдер жетишпегендиктен башка адистер окуткан учурлар да бар. Программаларды учур талабына ылайыктап, оз жемишин бергидей кылып иштеп чыгуу зарыл.

Эл мугалими Бектур Асанов мамлекет башчысы Р. Отунбаевага Манас сабагын 3-класстан 11-класска чейин киргизүү керек экендигин айтып кат жолдогон." Бул предметти окутуу менен өкуучулар массалык түрдө патриоттуулукка, мекенчил, манасчыл болуп, эне тилин сүйүп, эркин сүйлөп, элин урматтоого кичинесинен тарбияланат"-дейт. (Кут Билим *15.10.10*)

Ооба, бул сөздүн калети жок. Манас ар бир бөбөктүн, жаштардын, ак калпакчан, ак элечекчен ар бир кыргыздын тил бешиги болуп калса, деген үмүт- тилекти айткым келет. Бүгүнкү күндө эмне үчүн көп жаштарыбыздын тили жарды, сөз байлыгы начар, өз ойлөрун оозеки түрдө бөлобу, жазуу түрүндө болобу, ыраттуу, ширелүү баяндап бере алышпайт. Албетте, мунун бир катар чоң себептери бар. Ошол себептердин ичинен мына муну бөлүп көрсөткүм келет. Сөз маданияты, жазуу речи жагынан мүдүрүлүп жатканыбыздын себеби, ошол биздин көп жарандарыбыздын бала кезинен үй -бүлөдө, бала –бакчада,мектепте, а түгүл атайын орто жана жогорку өкуу жайларында элдик жомоктордун, элдик ырлардын, дастандардын, эпостордун, бөтөнчө чалкыган “Манастын” бай тилине сугарылбай калгандыгында.

Бектур Асановдун тажрыйбасына кайрылсам, Бектур Асановдун окуучусу Каныкей аттуу кыздын "Эл агартуу" журналына жарыяланган дилбаянынан бир чымчым үзүндү келтирип өтөйүн.

Каныкей өз сөзү менен Жолойду минтип сүрөттөйт: "Ичи көпкөн торпоктой бышылдап, айбаттуу жыландай кышылдап, көмөкөйү кирилдеп, калбыгый эрди дилилдеп, кабагы кар жаачу булуттай , курсагы талкан салган тулуптай, карт- карт кекирип, кызматчысын жекирип, катыр- катыр тырманып, курсагын сылап ыңгыранып, көлдөлөңгө кырданып, бутун сулайта сунуп эр Жолөй жаткан болот".

Мына минтип өз сөзү менен уйкаштырып көөздөп , элестүү, көрктүү, кооз сүйлөй да, жаза да билүүгө "Манастын" көркөм дүйнөсүнүн , элдик

тилдин бай казынасынын арасында тарбияланган , машыктырылган окуучу гана жөндөмдүү болушу мүмкүн. Мугалимдин жан дүйнөсү- студенттин жан дүйнөсүн ачып, ага билимдин көонорбөс бийиктигин, адам болуунун ыйык кутун кондуруп, аны бекем түнөк алдырса, ар бир сабакта ар бир сөзү менен аны улам бекемдесе, жогорудагыдай дилбаяндар көп болоруна ишенем. Тарыхта сейрек кездешүүчү таланттуу инсаныбыз Чыңгыз Айтматов "Адам ичкен ашына семирип, кийген кийимине мактанып, ошого ток пейил болду дегиче анын адамдык кейпинен кеткени дей бер"- деп айтканы балким эне тилин билбей эс-мас болуп жүргөндөр үчүн блоуп жүрбөсүн ? !..

Иши кылып, кыргыз тил сабагынын учурдун талабына ылайык берилишин жана анын кайтарымдуулугун жогорулатуунун тагдыры мугалимге, анын адамдык, атуулдук турпатына, методикалык чеберчиликтерине байланыштуу.

…Ушунун бары эле барып-барып бала жөнүндө , ага таалим –тарбия берүүнү жакшыртуу аны эртеңки күндүн татыктуу уул-кызы кылып өстүрүүгө жасала турган камкордук.

Кечээ жакында эле кыргыз элинине аттын кашкасындай таанымал, илимпоздор, кыргыз тилине күйгон белгилүү окумуштуулар тобу телеберүү аркылуу өз ойлорун ачык билдиришти. Мамлекеттик тилге мамлекет тарабынан камкордук керек экендигин, мамлекет башчылары мамлекеттик тилде иш алыпбаруусун, мамлекеттик жоопту кызматка келгендердин баары мамлекеттик тилден экзамен тапшыруусун талап кылышты.

Үстүбүздөгү жылдын өн тогузунчу ноябрында кыргыз элинин маданиятын, руханий байлыгын байыткан, агартуучу, философ акын Тоголок Молдонун 150-жылдыгына арналган эл аралык илимий конференция болуп өттү. Конференцияга Казакстандан, Кытай эл республикасынан, Түркиядан өкүлдөр келип катышышып, маанилүү доклад окушту. Текестен келген кытайлык кыргыз жаш окумуштуу Тоголок Молдо сыяктуу залкарларды анын чыгармаларын мектеп программасына сунуштай

тургандыгын кытайлык жаштар да билиши керек экендигин баса белгиледи. Ал эми окумуштуу, илимпоз Советбек Байгазиев кеңири жана маанилүү докладында "Жаш муундарга Т.Молдонун чыгармаларын окутуу менен туура тарбиялап, эне тилинде мыкты сүйлөөгө үйрөтөбүз"-дейт

Бул сыяктуу ойлорун көптөгөн окумуштуулар, Вице премер министир Ө.Абдуллаева, билим берүү министири Ж.Садыков, маданият министири Садык Шер Т.Молдонун чыгармаларына кеңири токтолуу менен мамлекеттик тилге да кайрылбай койгон жок. Мамлекеттик тилге кайрылбаган адам жок. Оозеки айтылып, иш жүзүндө кылынганы абдан эле аз. Аз болсо да иш болуптурганы жакшы. Алсак Сорос фонду тарабынан 2002-жылкы долбоордо кыргыз тилинде бир трп китептер чыгып жергиликтүү китепканаларга таратылган. Жеке демилгечилер дакыргыз тилине атайын сайтдарды түзүп жатышат. Азыр маалымат технологиясы башкача айтканда интернет абдан күчтүү курал катары колдонулуп, маалыматтарды тез таратууда. Өзгөчө жаштар, улуу муундагылар да интернет аркылуу маалымат алышат. Маалымат технологиясы бардык чөйрөдө эле керек бирок ошонун ичинен үч стратегияны улуттук саясат үчүн болүп кароого болот- электрондук өкүмөт, электрондук экономика электрондук билим алуу. Мамлекеттик тилде кампютерлештирилсе каалаthe да, каалабаса да окууга аргасыз болушат. Бүгүнкү күндө мамлекеттик тил кампаниясы, Microsoft Word, Windows прогроммаларын кыргыз тилинде түзүп жатышат. Бул сыяктуу программалар коп которулса абдан жакшы болоор эле.

Учурда кыргыз тилин өнүктүрүүнүн негизги койгөйлөрүнүн бири кыргыз тилиндеги адабияттардын жетишсиздиги. Алсак, өлкөбүздө басып чыгарылган 19 млн. китептин 18,5 пайызы гана кыргыз тилинде. Ал эми улуттук китепкананын китеп фондусунун 6 пайызын гана кыргыз тилиндеги китептер түзөт экен.

Кыргыз тилинде электрондук окуу китептерин түзүү боюнча атайын сайттарды ачуу идеялары жеке демилгечилер тарабынан 2009- жылы колго алынып, 50 китеп жазылып, анын 30 китеби чыгарылып, калганы редакцияланып жатат. Мамлекетти карап отура бербей колдон келген ишти акырын кыла берсе иш акырындап алга жылат.

Айта берсе арман көп демекчи, мамлекеттик тилге мамалекет тарабынан
камкордук көрүлсө, мамлекет башчылары мамлекеттик тилде иш алып барса, тил өзүнөн-өзү өнүгөт деген ишеничтемин. Кыргыз эли барда эч качан кыргыз тили жоголбойт ал өнүгөт.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР

1 Эл Агартуу. 2010-жыл. 2-3саны.

2 Кутбилим . 2010-жыл. 24-сентябрь.

3 Кутбилим . 2010-жыл. 15-октябрь.

4 КРнын мамлекеттик тил мыйзамы.Б-2004.